КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XVIII чакырылышынын кезектеги IV сессиясы**

**05 ноябрь 2021ж №22** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагындагы А.С.Пушкин атындагы орто мектебинин кире бериш аянтчасындагы асфальтты алмаштыруу үчүн өздүк салымды бекитүү жөнүндө**

Садыр аке айыл аймагындагы А.С.Пушкин атындагы орто мектебинин кире бериш аянтчасындагы асфальтты алмаштыруу үчүн дем берүү гранттка 458 974 (төрт жүз элүү сегиз мин тогуз жүз жетимиш төрт) миң сом акча каражаты талап кылынып жаткандыгын эске алып, айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысы Н.Сыдыкованын маалыматын жана "Бюджет, финансы, экономика инветиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиянын төрайымы А. Ауэльбаеванын кошумча маалыматын угуп жана талкуулап Садыр аке айыл аймагынын айылдык Кеңеши төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен А.С.Пушкин атындагы орто мектебинин кире бериш аянтчасындагы асфальтты алмаштыруу боюнча долбоору ишке ашкан учурда өздүк салым катары мектеп бөлүмүнөн 31113390 "Башка курулмаларды капиталдык оңдоо" беренесинен 458 974 (төрт жүз элүү сегиз миң тогуз жүз жетимиш төрт) сом акча каражаты 2022-жылдын бюджетинин биринчи кварталына коюлсун.

2. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл Өкмөтүнүн башчысы А.Б.Орозалиевге жана ФЭБ башчысы Н.У.Сыдыковага милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы "Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Чичканбаев**

Жиберилди: иш кагаздарына-1, эсеп бөлүмүнө-1, Обл Юст.башк-1.

**Жергиликтүү депутаттардын XVIII чакырлышынын Садыр аке айылдык кеңешинин кезектеги IV сессиясынын**

**ЧЕЧИМИ 1**

**“05” ноябрь 2021-ж.** **Григорьевка айылы**

1-маселе А.С.Пушкин атындагы орто мектебинин кире бериш аянтчасын брусчаткага алмаштыруу жөнүндө

Сессиянын төрагасы: Чичканбаев Б.С.
Катчысы: Айдыгулова Н.О.
Катышты: ___адам
Угулду:

- **Курумшиев Дж.** – айылдык кеңештин депутаты – бул абдан туура көтөрүлгөн маселе. Бул ишти 2021-жылдын Мамлекеттик дем берүүчү гранттан жалпы сметалык баасынын 80% сурап, жергиликтүү бюджеттен 20% киргизип аткарууга алынышы керек.
- **Байгабылов А**. – айылдык кеңештин депутаты – Биздин мектептин кире бериш аянтчасындагы асфальт 1975-жылдан бери жаңыртыла элек. Асфальттын сапаты кетип, мектептин тышкы көрүнүшүн бузуп, эң негизгиси балдар ары бери басышканда чалынып жыгылып жатат.

Бул маселе боюнча депутаттар талкууга алгандан кийин, айылдык Кеңештин сесииясы төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ кылат:**

А.С.Пушкин атындагы орто мектептин кире бериш аянтчасындагы асфальтты жаңыртуу үчүн 2022-жылдын бюджетинен жалпы сметалык баасынын 20% каралып, калган 80% мамлекеттик дем берүү грантына проект жазып, өткөрүү иштери айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Айылдык кеңештин төрагасы** **Чичканбаев Б.С.**

**Жооптуу катчы** **Айдыгулова Н.О**